| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЧҮЙ ОБЛУСУ<br>ПАНФИЛОВ РАЙОНУ<br>КАЙЫҢДЫ ШААРДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН<br>КАИНДИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ<br>КЕНЕШ |
|---|---|---|

**ТОКТОМ**
**ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

04.10.2023 ж. № 77/XXIII – 3

**Кайыңды шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик боюнча бөлүмүнө караштуу Мира көчөсүндөгү №2/2, 653,2 кв.м. аянты менен жер тилкесин Кыргыз Республикасынын санариптик өнүктүрүү Министрлигине берүү жөнүндө**

«Панфилов райондук мамлекеттик архивине жаңы имарат куруу үчүн жер тилкесин бөлүп берүү жөнүндө» Кайыңды шаарынын мэриясынын катын карап чыгып, , 1999-жылдын 2 – июнунданы № 45 Кыргыз Республикасынын “Жер кодексинин” 14 – беренесинин, 25 – беренесинсин 2-пунктунун, 32-беренесинин 4-пунктунун негизинде, Кайыңды шаардык кеңешинин депутаттарынын сессиясы, токтом кылат:

1.Кыргыз Республикасынын санариптик өнүктүрүү Министрлигине Мира көчөсү №2/2 дарегинде жайгашкан, Кайыңды шаарынын мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик боюнча бөлүмүнүн муниципалдык менчигинде турган, аянты 653,2 кв.м. болгон жер тилкесин Панфилов райондук мамлекеттик архивине жаңы административдик имарат куруу үчүн берүүгө макулдук берилсин.
2.Аталган жер тилкеси 3 жылдын ичинде өз максаты боюнча пайдаланылбаса, Кайыңды шаардык мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик боюнча бөлүмүнүн балансына кайтарылсын.
3.Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине каттоо жана киргизүү үчүн Чүй - Бишкек шаардык юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.
4.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө милдети Кайыңды шаардык кеңешинин агрардык, жер жана турак-жай маселелери боюнча туруктуу депутаттык комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Э.Т.Иманкулов**